**Рыскулов Канатбек Кадыркуловичтин “Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсү (1991-2010-жж.)” деген темадагы 07.00.02. – Ата Мекендин тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин кол жазмасына илимий жетекчисинин**

**ПИКИРИ**

Эгемендүү Кыргызстан өзүнүн саясий өнүгүүсүндө эки чоң социалдык силкинүүгө дуушар болду. Анын башкы себептеринин бири – эгемендүүлүк жылдарында жүргүзүлгөн саясий системаны реформалоо жараяны өлкөдө эффективдүү башкаруу системасын орното албагандыгы менен түшүндүрүлөт. Бул көйгөй азыркы күндө да өлкөбүздүн башкаруу системасындагы негизги маселе катары күн тартибинде турууда. Арийне, коомчулук арасында эгемендүүлүк жылдарында республиканын саясий жетекчилиги, коммунисттик саясий системаны жок кылып, бирок анын ордуна андан артык, эффективдүү башкаруу системасын жарата албады деген тариздеги пикирлер кеңири жашап келүүдө. Ал республикабыздын калкынын басымдуу бөлүгүнүн реалдуу социалдык абалы менен да тастыкталууда. Апрель окуясынан кийинки өлкөнүн башкаруу системасын өзгөртүү аракеттери эң эле татаал, оор саясий-психологиялык кырдаалда жүрүп жаткандыгы да бүгүнкү күндүн реалдуулугу. Андыктан Кыргызстанды өнүккөн өлкөгө алып баруучу келечек жолун аныктоодо, анын кечээги басып өткөн саясий жолунун оң-терс жактарын тыкыр изилдөө, керектүү учурларынан сабак алуу олуттуу маселе.

Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарындагы саясий өнүгүүсү, жаңы саясий системаны калыптандыруунун оң жана терс жактары, бул процесстеги башка постсоветтик өлкөлөрдүн тажрыйбасы, саясий системанын батыш моделинин улуттук өзгөчөлүккө туура келүүчүлүгү, саясий башкаруудагы кризистер, март (2005-ж.) жана апрель (2010-ж.) саясий окуялары , алардын сабактары тарыхчылар, юристтер, политологдор тарабынан изилдөөгө алынып, илимий эмгектер, макалалар жарык көргөнүнө карабастан, бул

маселе азыркы күндө кыргыз тарыхнаамасында толук изилденип бүтө элек жана ачык бойдон калууда. Коомчулукта, илимпоздор арасында изилдөөгө алынган маселе боюнча азыркы күндө бир жактуу пикир жок, алар ар түрдүү, атүгүл карама-каршы пикирлер. Мындай абал изденүүчү К. Рыскулов тарабынан изилдөөгө алынган маселенин бир жагынан, маанилүүлүгүн жана татаалдыгын билдирсе, экинчи жагынан, маселени дагы да ар тараптуу, терең, изилдөө зарылдыгын жаратат. Анын, жогоруда белгилегендей, Кыргызстандын келечектеги өнүгүү жолун так аныктоодогу практикалык мааниси да орчундуу. Изилдөөгө алынган теманын актуалдуулугу мына ушул жагдайлар менен түшүндүрүлөт.

Изденүүчү өз эмгегин жазууда атайын адабияттарды, тарыхый булактарды, архивдик жана талаа материалдарын илимий иликтөөгө алып кеңири пайдаланган. Диссертанттын Кыргызстанда жүз берген саясий окуяларды (март (2005, апрель (2010)) өз көзү менен көргөн жана аралашып жүргөн адам катары ал, окуяларга илимий негизде өз көз карашын билдирүүсү колдоого алаарлык.

Диссертациялык иш Киришүүдөн, 4 баптан, 10 параграфтан, Корутундудан жана Библиографиядан турат. Иштин түзүмү анын маңызына, коюлган максатына жана милдеттерине жооп берет.

Киришүүдө изилдөө ишинин актуалдуулугу аныкталып, анын максаты жана милдеттери көрсөтүлгөн, тарыхнаамалык жана булактык талдоо жүргүзүлгөн. Биринчи бапта диссертант эгемендүү Кыргыз республикасынын саясий өнүгүүсүн илимий эмгектерде, мезгилдүү басма беттеринде изилденишин караган. Экинчи бапта изилдөөнүн тарыхый булактык базасына жана методдоруна көңүл бурган. Үчүнчү бапта өткөн кылымдын 80-жылдарынын экинчи жарымы – 90-жылдардагы Союздун аймагында, Кыргызстанда жүргөн коомдук-саясий жараяндарды, Кыргызстандын эгемендүүлүгүн алууга өбөлгө жараткан факторлорду, Эгемендүү Кыргызстандын саясий системасын реформалоонун багыттарын жана жүрүшүн, Президенттик башкаруунун ордун, саясий партиялардын жаралуу

тарыхын жана алардын коомдук –саясий турмуштагы ролун, бул жараянда жол берилген олуттуу солгундоолорду ар тараптуу иликтөө алган. Төртүнчү бапта март (2005), апрель (2010) окуяларынын себептери, жүрүшү, натыйжалары изилденип, мындай силкинүүлөргө жол бербөө багытындагы практикалык сунуштар берилген. Корутундуда диссертант изилдөө ишине таянып, азыркы учурдагы өлкөбүздөгү саясий туруксуздуктан чыгуу багытындагы практикалык сунуштарын берген.

Аткарылган диссертация талапка жооп берет жана Рыскулов Канатбек Кадыркуловичтин диссертациялык ишин 07.00.02 Ата Мекендин тарыхы адистиги боюнча кандидаттык илимий даражасын алуу үчүн эл алдында коргоого сунуштайм.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

**Илимий жетекчи:** **т.и.к.,доцент С.А.Смадияров.**

Ош МУ
Тастыктаймын
20 24 ж. « 2 » 09
Кадрлар бөлүмүнүн
башчысы Турдубаева Г.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯСЫ
(Кыргыз Республикасынын УАКы)

720301, Бишкек ш., Эркиндик, 2
т.62-37-89

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
(НАК Кыргызской Республики)

720301, г.Бишкек, пр. Эркиндик, 2
т. (996-312) 62-37-89
Факс (996-312) 66-44-21
**E-mail**: nakkr07@rambler.ru
**Сайт:** nak.co.kg

«28» февраля 2008 ж № 1478

Проректору по науке Ошского государственного университета, д.ф-м.н., профессору Б.Арапову

Национальная аттестационная комиссия Кыргызской Республики дает разрешение на научное руководство аспирантами и соискателями кандидату исторических наук, доценту Смадиярову Сыдыку Акуновичу.

Зам.председателя Бекболотов Т.Б.

/Исполнитель Умралиева Г.Р.
тел. 62-38-34

Создан в Photo-to-PDF One Click Converter. Скачать здесь: https://firehawk.ai/phototopdf/